УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL



НИКИТА ЗАЛАТАРУ
БЕЛАРУС

# ЖАШ ӨСПҮРҮМДҮ САБАП, ЭЛЕКТР ТОГУНДА КЫЙНАП, ТҮРМӨГӨ ОТУРГУЗУШТУ

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

# УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
# 20 ЖЫЛДАН БЕРИ ЖАШООНУ ӨЗГӨРТКӨН КАТТАР

Качан кимдир бирөө үчүн бир ууч адам бириккенде, натыйжалар болуп көрбөгөндөй өзгөрүшү мүмкүн.

Мындан 20 жыл мурун Польшадагы активисттердин чакан тобу 24-саат бою кат жазуу марафонун өткөрүшкөн. Кийинки жылдарда бул идея терең жайылган. Бүгүн "Укуктар үчүн Жаз"- бул адам укуктары боюнча дүйнөдөгү эң ири иш-чара болуп саналат.

2001 -жылдагы 2,326 каттан 2020-жылы 4,5 миллион катка чейин жетип, твиттер, петицияларга кол коюу жана башка иш-аракеттердин алкагында, дүйнө жүзү боюнча адамдар тилектештик үчүн чек аралар эч кандай тоскоолдук эмес деген пикирде биригип, өз сөздөрүнүн күчүн колдонушту. Бул адамдар өткөн жылдар бою биргеликте 100дөн ашуун адамдын жашоосун өзгөртүүгө жардам берип, аларды кыйноолордон, куугунтуктардан же адилетсиз камакка түшүүдөн бошотушту.



Эл аралык Мунапыс Уюмунун Тайвандагы кат жазуу иш-чарасы, декабрь -2020

Быйылкы үгүт өнөктүгү бул колдоону тынч түрдөгү иш-аракеттери, көз караштары же өзгөчөлүктөрү үчүн куугунтукка кабылган адамдарга багытталат. Буга ЛГБТИ активисттери, экологдор жана тынч демонстранттар кирет. Бул адамдар ар кандай жолдор менен сабалган, камалган, атылган, куугунтукталган жана коркутууларга кабылган.

"Укуктар үчүн Жаз" аркылуу алар дүйнө жүзүндөгү миңдеген адамдардан жеке тилектештик билдирүүлөрүн алышат. Алар жана алардын үй -бүлөлөрү, алардын жагдайлары коомчулуктун назарына жеткирилип жатканын жана алар унутта калбаганын билишет.

Мунапыс Уюму кат жазуу аракеттери менен бирге, бул адамдардын абалын өзгөртүүгө күчү бар, алардын өлкөсүндөгү саясатчылар сыяктуу таасирдүү адамдарга да кайрылат. "Укуктар үчүн Жаз" ошондой эле, бул адилетсиздиктерди коомдук иш -чаралар менен көрсөтүп, социалдык медиа аркылуу дүйнө жүзүнүн көңүлүн бурдурат.

Мурунку жылдары өнөктүккө катышкан адамдар жана топтор бул иш-аракеттердин аларга тийгизген таасирин айтып, натыйжада көптөгөн адамдардын кам көрүүлөрү аларга чоң дем күч бергенин билдиришти.

Көп учурда бул адамдарга, ошондой эле ушундай кырдаалга туш болгон башка адамдарга жана топторго карата өлкөнүн бийлиги аларга мамилелерин олуттуу түрдө өзгөртүшөт. Айыптардын алынышы жана адамдардын камактан бошотулушу мүмкүн. Адамдарга гумандуу мамиле жасалып, адилетсиздикке каршы жаңы мыйзамдар же эрежелер киргизилет.

- Биз күрөшүп жаткан адамдар жөнүндө окуңуз: www.amnesty.org/writeforrights
- Мунапыс Уюмунун сиздин өлкөдөгү тобу менен байланышыңыз: www.amnesty.org/countries
- #W4R21 хэштеги аркылуу @Amnesty -ге колдооңузду билдирген твит жөнөтүңүз.

## БАШТООДОН МУРУН

Бул **адам укуктары боюнча билим берүү ишмердүүлүгү**н мектепте, жамаат ичинде, үй -бүлө ичинде же активисттик топтордун арасы сыяктуу ар кандай онлайн же оффлайн шарттарда өткөрүү мүмкүн. Уюштуруучу катары сиз бул ишмердүүлүктү иштешип жаткан топтун ыңгайына жараша ылайыкташтыра аласыз. Мисалы, талкуулана турган маселелер боюнча катышуучулардын буга чейин кандай маалыматы бар экенин, алардын санын жана кантип аларды иш-чарага жигердүү катышууга үндөй тургандай мыкты уюштурууну, иш-чаранын техникалык шарттарын жана чектөөлөрдү алдын ала карап көрүңүз. Катышуучулар бир иш боюнча чара көрүүнү каалаган учурда, алар үчүн бул коопсузбу же жокпу талкуулаңыз.

Бардык иш-чаралар **биргелешип үйрөнүүнүн усулдарына** негизделген, анда катышуучуларга жөн гана маалымат берилбейт; алар кейстерге байланыштуу маселелерге суроо салып, аларды изилдешет, талкуулашат жана талдашат. Бул методика катышуучуларга төмөнкү мүмкүнчүлүктөрдү берет:

Негизги компетенттүүлүктү жана жөндөмдөрдү **АРТТЫРУУ**.

Өз ой-пикирин калыптандыруу, суроолорду берүү жана айтылган маселелерди тереңирээк түшүнүү **МҮМКҮНЧҮЛҮГҮНӨ ЭЭ БОЛУУ.**

Өздөрүнүн үйрөнүүсүн жана кызыкчылыктарына, жөндөмдөрүнө жана көйгөйлөрүнө ылайык талкуулоону уюштурууну **КӨЗӨМӨЛГӨ АЛУУ.**

Өз-ара эмоционалдык байланыштарын арттырып, өз жүрүм- турумдарын жана мамилелерин өркүндөтүүгө керек болгон **МЕЙКИНДИККЕ ЭЭ БОЛУУ.**

- Эгерде сиз биргелешип үйрөнүүнүн усулдарын жакшы билбесеңиз, баштоодон мурун Эл аралык Мунапыс Уюмунун фасилитациялоо (Amnesty International's **Facilitation Manual**) боюнча колдонмосун карап чыгыңыз: www.amnesty.org/en/documents/ACT35/020/2011/en/
- Эл аралык Мунапыс Уюму адам укуктары боюнча ар кандай окутууларды, анын ичинде укук коргоочулар жөнүндө **"Укуктар үчүн Жаз"** же **"Каттар Марафону"** өнөктүгү туралуу кыска курсту сунуштайт: https://academy.amnesty.org/learn

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# СИЛЕРДИН СӨЗДӨРДҮН КҮЧҮ БАР



## САУД АРАБИЯДАГЫ АКТИВИСТ БОШОТУЛДУ

Аялдардын эркиндиги үчүн күрөшкөн Насима ас-Сада 2018-жылы адам укуктарын тынчтык жолу менен коргогону үчүн камакка алынган. Түрмөдө жатканда күзөтчүлөр аны сабап, адвокаты баш болгон баарына аны менен жолугууга тыюу салышкан. Бирок, массалык түрдө 777,611 кат жазылып, твиттерлер жөнөтүлүп, дүйнө жүзүндөгү колдоочуларынын жана башка аракеттери менен Насима 2021 -жылы июнда бошотулуп, үй -бүлөсүнө жана досторуна кайтып келди.

## ҮЧ БАЛАНЫН АТАСЫ ҮЙ БҮЛӨСҮНӨ ЖОЛУКТУ

2018 -жылдын апрелинде бейөкмөт уюмунун кызматкери жана укук коргоочу Жермен Рукаки бир катар жалган айыптар менен күнөөлүү деп табылып, Бурундиде 32 жылга эркинен ажыратылган. Ал камалгандан бир нече апта өткөндөн кийин төрөлгөн кичүү баласын колуна ала электе түрмөгө кесилген. Анын үй -бүлөсү репрессиядан коркуп, өлкөдөн чыгып кеткен. Анын бошотулушун талап кылган 436,000ден ашуун чакыруулардын да таасири тийип, 2021 -жылдын 30 -июнунда Жермен акыры камактан бошотулуп, үй -бүлөсүнө кайрадан жолукту.



© Private



© Private

## ТҮШТҮК АФРИКАДА АДИЛЕТТҮҮЛҮККӨ БИР КАДАМ ЖАКЫНДОО

Достор Попи Квабе менен Бонгек Пунгул 2017 -жылдын май айында түндө сейилдеп жүргөндө өлтүрүлгөн. Акыркы убактарга чейин алардын үй -бүлөлөрүнүн укуктары бузулуп, алар полициянын иликтөө иштеринин кечендеп жатканына тынчсызданып келишкен. Бирок, 2021 -жылдын мартында полиция дүйнө жүзү боюнча бул үй-бүлөлөрдүн тарапташтарынан 341,106 кол коюлган арыздарды алгандан кийин ишти кайрадан ачкан. Полиция тергөө иштерин аяктап, азыр ишти өлкөнүн Башкы прокуратурасына өткөрүп берди. Попинин эжеси Тембелихле, “Менде ишенич пайда болду”, - деп билдирди. Ал: “Мен акыры бир нерсе өзгөрө турганын сезип жатам”, -дейт.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Адам укуктары - бул ар бирибизге таандык болгон негизги эркиндиктер жана коргоолор. Алар жашына, улутуна, жынысына, расасына, ынанымына жана жеке багыттарына карабастан адамдардын беделине, теңчилдикке жана өз ара урматтоо принциптерине негиздилген.

Сиздин укуктарыңыз адилеттүү мамиле көрүү жана башкаларга адилеттүү мамиле кылуу, ошондой эле жеке жашооңузду тандоо мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу. Бул негизги универсалдуу адам укуктары - алар баарыбызга таандык; дүйнөдөгү баарына бирдей. Алар ажырагыс – аларды бизден тартып алууга болбойт. Алар бөлүнгүс жана бири -бирине көз каранды - баары бирдей мааниге ээ жана бири -бири менен тыгыз байланышкан.

Экинчи Дүйнөлүк Согуш учурунда жасалган мыкаачылыктардан кийин, Адам укуктарынын жалпы декларациясы кабыл алынгандан баштап, адам укуктары боюнча эл аралык документтер дүйнө жүзүндөгү адамдардын жашоосун жакшыртуу үчүн улуттук, аймактык жана эл аралык мыйзамдардын бекем пайдубалын түздү. Адам укуктары өкмөтттөгүлөргө мыйзам катары каралышы мүмкүн. Алар өкмөттөргө жана мамлекеттик бийликтегилерге өздөрүнүн карамагындагылардын, ошондой эле чет өлкөдөгүлөрдүн укуктарын урматтоо, коргоо жана аткаруу боюнча милдеттенмелерди жүктөйт.

Адам укуктары - бул иш жүзүндө мүмкүнчүлүк болгондо гана канааттандыра турган жыргалчылык эмес.



*Эл аралык Мунапыс Уюмунун Бениндеги кат жазуу иш-чарасы, декабрь -2020*



THE UNIVERSAL DECLARATION of Human Rights

UNITED NATIONS

© UN Photo

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ



Адам укуктарынын жалпы декларациясы Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки жылдары жаңыдан түзүлгөн Бириккен Улуттар Уюму тарабынан иштелип чыккан. 1948-жылдын 10-декабрында кабыл алынгандан бери ал адам укуктары боюнча эл аралык тутумдун негизин түзөт. Дүйнөнүн бардык өлкөлөрү бул документтин 30 беренесинде камтылган жалпы принциптерге баш ийүүгө макулдук берген.

АУЖД – бул аты айтып тургандай өзү декларация. Бул дүйнө жүзү боюнча ар бир өкмөттүн адамдардарга жасаган мамилесинде белгилүү стандарттарды сактооого болгон ниети тууралуу билдирүүсү. Адам укуктары эл аралык укуктун бир бөлүгү болуп эсептелет: АУЖД кабыл алынгандан баштап, анын принциптеринин негизинде көптөгөн башка милдеттүү мыйзамдар жана келишимдер иштелип чыкты. Дал ушул мыйзамдар жана келишимдер Эл аралык Мунапыс Уюму сыяктуу уюмдардын, өкмөттөгүлөрдү эскертип, аларды “Укуктар үчүн Жаз” өнөктүгүндө айтылган адамдарга карата терс жүрүм турумдарынан жана катаал мамилесинен баш тартууга үндөөгө негиз түзөт.

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# АДАМ УКУКТАРЫНЫН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ

| | | |
|---|---|---|
|  **ЖАРАНДЫК УКУКТАР ЖАНА ЭРКИНДИКТЕР** Жашоого укук, кыйноолордон жана кулчулуктан эркиндик, дискриминацияга жол бербөө укугу. | **1-берене** | Өз беделинде жана укуктарда эркиндик жана теңдик |
| | **2-берене** | Дискриминацияга жол бербөө |
| | **3-берене** | Адамдын жашоо, эркиндик жана жеке кол тийбестик укугу |
| | **4-берене** | Кулчулуктан боштондук |
| | **5-берене** | Кыйноолордон эркиндик |
|  **ЮРИДИКАЛЫК УКУКТАР** Күнөөсүз деп өзүн эсептөө укугу, акыйкат сот жараянын талап кылуу, камакка алынбоо же эркиндигин сактоо укугу. | **6-берене** | Бардык адамдар мыйзам менен корголот |
| | **7-берене** | Мыйзам алдында бардыгы бирдей |
| | **8-берене** | Мыйзам тарабынан белгиленген негизги укуктары бузулган кезде аларды калыбына келтирүү талаптары |
| | **9-берене** | Эч ким мыйзамсыз камакка алынууга, кармалууга же куугунтукталууга тийиш эмес |
| | **10-берен** | Акыйкат сот жараянын талап кылуу укугу |
| | **11-берене** | Күнөөсү тастыкталганга чейин күнөөсүз деп эсептелүү |
| | **14-берене** | Куугунтукка алынганда чет өлкөдөн баш калкалоо чарасын издөө укугу |
|  **СОЦИАЛДЫК УКУКТАР** Билим алуу укугу, үй-бүлөө түптөө жана багуу, эс алуу жана ден-соолукка кам көрүү укугу.. | **12-берене** | Үй-бүлөөлүк жеке турмушуна кийлигишпөө жана турак жайынын кол тийбестигин коргоо укугу |
| | **13-берене** | Ар бир мамлекеттин чегинде эркин жашоо жана мамлекеттер ортосунда саякаттоо укугу |
| | **16-берене** | Никеге туруу жана үй-бүлөөлүк турмушун баштоо укугу |
| | **24-берене** | Эс алуу жана бош убактысын пайдалануу укугу |
| | **26-берене** | Билим алуу укугу жана башталгыч билим акысыз болууга тийиш |
|  **ЭКОНОМИКАЛЫК УКУКТАР** Турак жайга ээ болуу, эмгектенүү, пенсияга чыгуу жана нормалдуу турмушта жашоо укугу. | **15-берене** | Ар бир адам улутка ээ болууга укуктуу |
| | **17-берене** | Өздүк турак жайга жана мүлккө ээ болуу укугу |
| | **22-берене** | Социалдык жактан камсыз болуу укугу |
| | **23-берене** | Адилеттүү эмгек акыга иштөө жана кесипчилик союздарга кирүү укугу |
| | **25-берене** | Ден соолугу жана жыргалчылыгына кам көрүү үчүн жетиштүү турмушта жашоо укугу |
|  **САЯСИЙ УКУКТАР** Өлкөнү башкарууга катышуу, добуш берүү, тынч чогулуштарды өткөрүү, сөз эркиндиги, дин тутуу эркиндиги жана ишеним укуктары | **18-берене** | Ишеним жана дин эркиндиги укугу |
| | **19-берене** | Сөз эркиндиги жана маалыматты жайылтуу укугу |
| | **20-берене** | Эркин түрдө тынч чогулуштарга катышуу жана ассоциацияларга кирүү укугу |
| | **21-берене** | Өз өлкөндү башкарууга катышуу укугу |
|  **МАДАНИЙ ЖАНА ТИЛЕКТЕШТИК УКУКТАРЫ** Коомчулуктун маданий турмушуна катышуу укугу. | **27-берене** | Өз коомчулугуңуздун маданий жашоосуна катышуу укугу |
| | **28-статья** | Бардык укуктар толугу менен ишке ашырылышы мүмкүн болгон эл аралык тартипке болгон укук |
| | **29-берене** | Башкалардын укуктарын сыйлоо жоопкерчилиги |
| | **30-берене** | Бул укуктардын бирин дагы тартып алууга тыюу салынат! |

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ
AMNESTY INTERNATIONAL

ИШ-ЧАРА

# АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫН ТАЛАП КЫЛУУ УКУГУ

### НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР
- Акыйкат сот жараяны
- Кыйноо
- Балдар үчүн сот адилеттигинин системасы (ювеналдык юстиция)

### БУЛ ИШ-ЧАРА ЖӨНҮНДӨ
Бул иш-чара укук бузуулардын реалдуу мисалдарын колдонуп, акыйкат сот жараянын талап кылуу укугу изилдейт. Иш -чаранын экинчи бөлүгүндө катышуучулар Никита Залатарунун атынан наразычылык кат жазып, ага тилектештигин билдире алышат.

### КҮТҮЛГӨН НАТЫЙЖАЛАР
Катышуучулар:
- Акыйкат сот жараянын талап кылуу концепциясын **түшүнүү** жана аны өздөрүнүн жашоосуна байланыштыруу;
- Акыйкат сот жараянын талап кылуу укугунун бузулушунун кесепеттерин сүрөттөп **берүү**;
- Ювеналдык юстиция боюнча атайын эл аралык стандарттарды **издеп табуу**;
- Акыйкат сот жараянын талап кылуу укугу бузулгандардын абалын **сезе билүү**;
- Эл аралык Мунапыс Уюмунун “Укуктар үчүн Жаз” же “Каттар Марафону” өнөктүгү жөнүндө **үйрөнүү**;
- Никита Залатаруну колдогон жана тилектештикти билдирген каттарды **жазышы**.

**ЖАШЫ:** 13+

### КЕРЕКТҮҮ УБАКЫТ:
60 мүнөт

### КЕРЕКТҮҮ МАТЕРИАЛДАР
- Таркатма: Ювеналдык юстиция (10-бет)
- Таркатма: Акыйкат сот жараяны (11-14-бет)
- Таркатма: Акыйкат сот жараянына тиешелүү укуктар (9-бет)
- Таркатма: Никита Залатарунун окуясы (14-бет)
- Стикерлер/жазуулар (эки түстө)
- Кагаз, калем, конверттер, маркалар

### ДАЯРДЫК
- **Таркатмада** белгиленген кейстерин принтерден чыгаруу: **Акыйкат сот жараяны** (11-14-бет) жана аларды бөлмөнүн ичине жайгаштырыңыз.
- Төмөндөгүлөрдү ар бир катышуучу үчүн принтерден чыгарыңыз:
  - **Таркатма: Акыйкат сот жараянына тиешелүү укуктар (9-бет),**
  - **Таркатма: Ювеналдык юстиция (10-бет)**
  - **Таркатма: Никита Залатарунун окуясы (14-бет)**
- Төмөнкү шилтемеден **Балдарга арналган Балдар Укуктары Конвенциясын жүктөңүз жана принтерден чыгарыңыз:** www.unicef.org/media/60981/file/convention-rights-child-text-child-friendly-version.pdf
- Балдар Укуктары боюнча көбүрөөк маалыматты Эл аралык Мунапыс Академиясынын веб-баракчасынан таба аласыз: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/221/an-introduction-to-child-rights

### КОРОНАВИРУСКА КАРШЫ ЧАРАЛАРДЫ САКТАҢЫЗ
Коронавирус пандемиясы учурунда жашаган жериңиздеги калктын саламаттыгын сактоо боюнча кеңешке ылайык иш алып барыңыз. Иш -аракетиңизди бардык катышуучулардын коопсуздугун камсыз кылгандай кылып өткөрүңүз жана белгиленген физикалык аралыкты сактаңыз.

Эгер сиз онлайн форматында иш алып барсаңыз:

- Катышуучулардын активдүүлүгүн жана өз ара байланышын камсыз кыла турган коопсуз платформаны **тандаңыз**.
- Тийиштүү ой жүгүртүүгө жана натыйжалуу жыйынтык чыгарууга ылайыкташтырылган көнүгүүлөрдү **уюштуруңуз** (чакан топторго бөлүңүз)
- Катышуучулардын жигердүүлүгүн арттыруу үчүн техникалык **колдоо көрсөтүңүз.**

### БЕЛГИЛЕЙ КЕТЧҮ НЕРСЕ:
Белгилей кетчү нерсе, бул иш - чара Белорусиядагы балага чыныгы таасир этүүчү зомбулук жана башка оор кырдаалдар жөнүндө сөз кылат. Бул катышуучуларга ар кандай таасир этиши мүмкүн. Катышуучулардан алар кандай сезимде болуп жатканын билиңиз.

## 1. КАНЧАЛЫК АКЫЙКАТТУУ?

10 МҮНӨТ

**Таркатмадагы 4** кейсти бөлмөнүн ар кайсы жерине коюп чыгыңыз: **Акыйкат сот жараяны** (11-14 бет).

Катышуучуларга бөлмөнүн ичин айланып, ар бир кейсти окуп чыгуусун тапшырыңыз. Ар бир катышуучу ар бир учурга жараша адамга канчалык адилеттүү же адилетсиз мамиле кылынганына добуш берүү үчүн таразага добуш эсептерин коюшу керек. Катышуучулар ар бир иш боюнча добуштарын бергенден кийин, алар өз орундарына кайтып келишин айтыңыз .

Добуштардын жыйынтыктарын жана кейстердеги адамдарга эмнеге адилеттүү же адилетсиз мамиле жасалды эсептегендерин катышуучулар менен талкуулаңыз. Алардан окшоштуктарды жана айырмачылыктарды белгилеп көрсөтүүсүн сураңыз жана Никита Залатарунун кейсине өзгөчө көңүл буруңуз (4-кейс).

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

20 МҮНӨТ

## 2. АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫН ТАЛАП КЫЛУУ УКУГУ: НИКИТА ЗАЛАТАРУ

**Акыйкат сот жараянына тиешелүү укуктар** (9-бет) боюнча **таркатманы** жана эки башка түстөгү стикерлерди катышуучуларга таратып бериңиз. Аларга бул таркатманы кийинки тапшырмага шилтеме катары колдоно ала тургандарын түшүндүрө кетиңиз.

Катышуучулардан дубалдардагы ар кандай кейстерди карап чыгуусун сураңыз. Бул жолу алар бир түстөгү стикерлерге акыйкат сот жараяны укуктары бузулган деп эсептеген кейстерди белгилеп, ал эми башка түстөгү стикерлерге алардын ордуна өздөрүн коюп, кандай сезимде болорун жазышы керек. Алдын ала кайсы өңдү укуктар үчүн, кайсынысы сезимдер үчүн колдонулаарын көрсөтүп бериңиз. Алар стикерлерди тиешелүү кейстин жанына жабыштырышы керек.

Катышуучулар тапшырманы аткарып бүткөндөн кийин аларды жооптору менен бөлүшүүгө чакырыңыз.

Катышуучулардан төмөнкү суроолор боюнча ой жүгүртүүсүн сураныңыз:

- Сиздин оюңузча, Никита Залатарунун акыйкаттуу сот жараянын талап кылуу укугу сакталганбы?
- Бул анын жашоосуна кандай таасирин тийгизди?
- Сиздин оюңузча, анын дагы башка укуктары барбы жана ал жаш өспүрүм болгондуктан ага башкача мамиле кылуу керекпи?

Кылмыш жасаганы үчүн айыпталган же соттолгон бардык адамдардын дагы адам укуктары урматталып, анын ичинде акыйкаттуу соттук териштирүүнү талап кылуу укугу сакталууга тийиш экенин түшүндүргүлө. Мындан тышкары, кылмыш жасаган деп шектелген балдар жашы жете электерге тийшелүү кошумча укуктарга ээ жана аларга кылмышка шектелип жаткан чоң кишилерден башкача мамиле кылуу керек. Бул укуктар жана коргоолор БУУнун Балдардын укуктары боюнча Конвенциясына ылайык кепилдикке ээ.

■ Кошумча тема: Эгер убактыңыз болсо, ЮНИСЕФтин Балдардын укуктары боюнча Конвенциясынын жөнөкөйлөтүлгөн вариантын колдонуп, балдардын укуктары боюнча бөлүшүп, маалымат бере аласыз: www.unicef.org/media/60981/file/convention-rights-child-text-child-friendly-version.pdf

20 МҮНӨТ

## 3. КЫЛМЫШ-ЖАЗА СОТ ТУТУМУНДАГЫ БАЛДАРДЫН УКУКТАРЫН ҮЙРӨНҮҮ

Алгач чакан топторго бөлүңүз. Ар бир топко **Никита Залатарунун окуясы** (14-бет) жана **Ювеналдык юстиция** (10-бет) **боюнча материалдарды таратып** бериңиз. Бул кылмыш-жаза сот тутуму менен байланышта болгон балдар үчүн конкреттүү укуктардын жана коргоолордун тизмеси экенин түшүндүрүңүз.

Топтордон тизмени карап чыгып, бул укуктардын жана коргоолордун кайсынысы Никитага берилбегенин белгилеп коюусун сураныңыз.

Кошумча: Тизмедеги укуктарды жана коргоолорду бир -бирден окуп, катышуучулардан кайсынысы Никита үчүн каралган эмес же колдоого алынган эмес деп ойлосо, ордунан туруусун же колун көтөрүүсүн сураныңыз.

Катышуучулардан төмөнкү суроолор боюнча ой жүгүртүүсүн сураныңыз:

- Өспүрүм катары Никитанын кайсы конкреттүү укуктары жана коргоолору бузулган?
- Бул укуктардын бузулушу анын жашоосуна кандай таасирин тийгизди?
- Эгер сиз мындай окуяга туш болгондо кандай абалда болмоксуз? Сиздин жашооңуз кандайча өзгөрмөк ?

Топторду кайрадан чогултуп, алардан ой-жүгүртүүлөрүн бөлүшүүсүн сураңыз.

Никитанын жагдайында анын адам укуктары жана адилеттүү соттук териштирүү укуктары четке кагылган, бирок эң маанилүүсү, анын өспүрүм катары конкреттүү укуктары бузулганын түшүндүрүп бериңиз. Ушул себептен улам, Эл аралык Мунапыс Уюму Никитанын бошотулушун жана балдар үчүн адилеттүүлүктүн эл аралык стандарттарына жооп берген Wакыйкаттуу сот жн талап кылууда.



УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

# 4. НИКИТА ҮЧҮН ИШ-АРАКЕТКЕ ӨТ

10 МҮНӨТ

Мунапыс уюмунун “Укуктар үчүн Жаз” же “Каттар Марафон” өнөктүгү тууралуу айтып бериңиз. Мунапыс уюму адамдарды Никита Залатаруну колдоо үчүн кат жазууга үндөй турганын түшүндүрүңүз. Кат жазуу иштеринин канчалык ийгиликтүү болгонун көрсөткөн былтыркы өнөктүктөн мисалдарды келтириңиз. (3- бет).

Эгерде катышуучуларга бөлүнгөн убакыттын ичинде иш -аракет кылууга жетиштүү убакыт жок болсо, аларды кийинчерээк кантип жасоону уюштурууга чакырыңыз же жасалуучу иштерди топторго бөлүп бериңиз. Аларды тапкычтыкка/чыгармачылыкка үндөңүз.

■ Эгер убактыңыз болсо “Укуктар үчүн Жаз” өнөктүгү тууралуу 5 мүнөттүк таанышуу видеосун бөлүшүп кетсеңиз болот: https://academy.amnesty.org/learn/course/external/view/elearning/145/write-for-rights-a-short-guide

## КАТ ЖАЗ

Катышуучуларды көрсөтүлгөн дарек боюнча Беларустун Башкы прокуроруна кат жазууга шыктандырыңыз.

Бийликтегилер менен түз баарлашуу эң чоң таасир этиши мүмкүн экенин түшүндүрүңүз. Катышуучуларга кат жазууга жардам берүү үчүн төмөнкү көрсөтмөлөрдү бере аласыз:

- Башкы прокурорго өзүңүз жөнүндө бир нерсе айтып бериңиз.
- Никита Залатарунун окуясында сизге эмне күтүүсүз болгонун билдириңиз.
- Беларус бийлигине **Никитаны бошотууну жана балдар үчүн адилеттүүлүктүн эл аралык стандарттарына жооп берген акыйкаттуу соттук териштирүүнү** камсыз кылып берүүсүн айт.
- Кошумча: 15-беттеги каттын үлгүсүн колдоно аласыз.

**Кимге: Беларус Республикасынын Башкы прокуроруна**
**Prosecutor General of the Republic of Belarus**
**Ul. Internatsionalnaya 22**
**220030 Minsk**
**Bielorrusia**

**Учурашуу: Урматтуу Башкы прокурор**

**Электрондук адрес:** info@prokuratura.gov.by
**Фейсбук:** www.facebook.com/prokuraturaby
**Твиттер:** @prokuraturaby

## ТИЛЕКТЕШТИК БИЛДИРҮҮЛӨРҮ

Катышуучуларды Никита Залатаруга колдоосун кат жазуу аркылуу билдирип, ага тилектештигин жана достугун көрсөтүүгө үндөңүз.

Катышуучуларга каттардын мазмуну кыска болушу керектигин айтыңыз. Башкы максат - Никита дүйнө жүзүндөгү көптөгөн адамдар ал жөнүндө кандай ойдо экенин сезүүсү. Аны кубанта турган же күлдүрө турган нерселер жөнүндө ойлонуу.

Эгерде сиз Никита сыяктуу Майнкрафтты ойносоңуз, анда оюнда эркиндикти жана үмүттү билдирген чөйрөлөрдү түзүп көрүңүз, аларды басып чыгарыңыз жана ага жөнөтүңүз.

**Mikita Zalatarou**
**Educational Colony V.K – 2**
**ul. Batova 4**
**Bobruisk**
**213800 Mogilevskaya Obl.**
**Bielorrusia**

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА

# АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫНА ТИЕШЕЛҮҮ УКУКТАР

## АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫ ЖАНА АДАМ УКУКТАРЫ

Ар бир өкмөт кылмыш үчүн жооптуу адамдарды жоопко тартууга милдеттүү. Бирок, адамдар акыйкатсыз соттолгондо, адилеттүүлүк орнобойт. Адамдар укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноолорго же башкача катаал мамилеге дуушар болсо, күнөөсүз адамдар соттолуп кетсе,  же соттук териштирүүлөр ачык эле адилетсиз болсо, акыйкаттуу сот системасына болгон ишеним жоголот.

Полиция бөлүмүндө, тергөө абагында, сотто жана түрмөдө адам укуктары сакталбаса, өкмөт өз милдеттерин жана жоопкерчиликтерин  аткара албаган болот.

## СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮ БАШТАЛГАНГА ЧЕЙИНКИ УКУКТАР

Айыпталуучунун укуктары бардык процессте сакталганда гана кылмыш иши боюнча жүргүзүлгөн сот адилеттүү болот. Ар бир адамдын соттук териштирүү башталганга чейин бир канча укуктары бар. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- соттук териштирүүгө чейин бошотуу укугу (кээ бир өзгөчө учурларды эске албаганда);
- камактагы адамдардын маалымат алуу укуктары;
- адвокаттын жардамына ээ болуу укугу;
- тышкы дүйнө менен байланышта болуу укугу;
- тез арада судьяга жеткирүү укугу;
- камакка алуунун мыйзамдуулугуна каршы чыгуу укугу;
- акылга сыярлык убакыттын ичинде соттошуу укугу.

## СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮ  УЧУРУНДАГЫ УКУКТАР

Төмөндө соттук териштирүүнүн жүрүшүндө ар бир адамга таандык болгон укуктар:

- мыйзамдын жана соттордун алдында бирдей болуу укугу;
- мыйзамга ылайык түзүлгөн компетенттүү, көз карандысыз жана калыс трибунал тарабынан соттолуу укугу;
- адилеттүү соттук териштирүгө ээ болуу укугу;
- коомдук угууларга катышуу укугу;
- күнөөсүз деп таанылуу укугу (сотко чейин колдонулат);
- көрсөтмө берүүгө же күнөөсүн моюнга алууга мажбурланбоо укугу (ошондой эле сотко чейин колдонулат);
- кыйноонун же мажбурлоонун натыйжасында алынган далилдерди алып салуу керек;
- артка кайтарылуучу мыйзамдар жок же кош коркунучтуулук
- ашыкча кечиктирилбестен соттук процесстердин башталышы;
- өзүн-өзү коргоо укугу;
- өзүнүн соттук ишине катышуу укугу;
- күбөлөрдү чакыртуу жана суракка алдыруу укугу;
- адилеттүү сот процесси өзгөчө кырдаалдарда жана куралдуу чыр -чатактарда уланышы керек;
- Оозеки котормочуга жана жазуу түрүндө котормого ээ болуу укугу (сотко чейин да колдонулат);
- акылга сыярлык убакыттын ичинде ачык жана жүйөлүү чечимге ээ болуу укугу;
- мыйзамсыз жазага тартылбоо укугу;
- Соттун чечимине каршы даттануу укугу.

Эл аралык Мунапыс Уюмунун  “Акыйкат сот жараянын талап кылуу укугунан” алынды,
Индекс:   POL 30/001/2002

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

## ТАРКАТМА

# ЮВЕНАЛДЫК ЮСТИЦИЯ

Кылмыш жасаганы үчүн айыпталган же соттолгон бардык адамдардын да сөзсүз түрдө адам укуктары сакталуусуна тийиш. Мындан тышкары, кылмыш жасаган деп шектелген балдарга чоң шектүү кишилерге караганда башкача мамиле жасалышы керек. Балдар үчүн бул кошумча укуктар жана коргоолорго БУУнун Балдардын укуктары боюнча Конвенциясына ылайык кепилдик берилген.



© Private

*Никита Залатару кармалганга чейин*

## КАРМОО, КАМОО ЖАНА СОТТУК ТЕРИШТИРҮҮ

Мыйзамды бузду деп айыпталган балдардын укуктары:

- юридикалык жардам алуу жана адилеттүү мамиле көрүү;
- мамлекет тарабынан төлөнүүчү адвокатка кайрылуу;
- камакка алынган учурдан тартып ата -энеси же башка жооптуу чоң киши менен көрүшүү;
- аларды түрмөдө кармоо өтө зарыл болбосо, сотко чейин бошотуу.

Балдар эч кандай шартта кыйноого алынбашы керек, аларга катаал мамиле жасап же мажбурлап кылмышын моюнга алдырууга болбойт. Соттук териштирүү учурунда балдар үй -бүлөсүнүн жана адвокаттын колдоосуна ээ болушу керек.

Сот баланын жашын жана муктаждыктарын эске алып, алардын ишин адилеттүү кароону камсыздашы керек.

## ЖАЗА

Балдар эч качан өлүм жазасына тартылбашы же өмүр бою түрмөгө отургузулбашы керек. Түрмө жазасы өзгөчө учурларда гана акыркы чара катары колдонулуп, мүмкүн болушунча кыска убакытка созулушу керек. Балдарды аларга зыян келтирүүчү физикалык же психологиялык жазага тартууга болбойт. Балдарды расмий соттук териштирүүлөргө жана түрмө жазасына тартуунун ордуна, ар бир мүмкүнчүлүктө аларды коомго негизделген жана калыбына келтирүүчү адилеттүүлүк программаларына катыштыруу зарыл.

## ТҮРМӨНҮН ИЧИНДЕГИ УКУКТАР

Түрмөгө кесилген балдар:

- адвокаты жана үй -бүлө мүчөлөрү менен байланышта болууга тийиш;
- чоңдор менен бир жерде камалбашы керек;
- аларды физикалык түрдө жазага тартууга тыюу салынат;
- алардын тамак-аш сыяктуу негизги зарылчылыктарын камсыздоо зарыл;
- алар кыйноолорго же башкача ырайымсыз мамилеге туш болбошу керек;
- түрмөдөгү башка балдар менен убакыт өткөрө алгыдай болушу шарт;
- аларды камерада жалгыз камап коюуга болбойт;
- билим алуусун уланта алышы керек;
- эгерде муктаждык болсо, аларга ден соолукту чыңдоо үчүн медициналык жардам көрсөтүлүшү керек.

Балдар БУУнун Балдар Укуктары Конвенциясы боюнча ушул жана башка көптөгөн коргоолорго укуктары бар.

■ Балдардын укуктары боюнча толук тизмени бул жерден окуй аласыз: www.unicef.org/media/60981/file/convention-rights-child-text-child-friendly-version.pdf

ТАРКАТМА

# АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫ

## 1-КЕЙС: МЭ НАМДЫН ОКУЯСЫ

Нгуен Нгок Нху Куинь дайыма адилетсиздикке каршы күрөшүп келген. Ал биринчи баласына берген лакап аттан улам интернетте “Мэ Нам” же “Козу карын энеси” катары белгилүү жана пикир келишпестиктер көп учурда кылмыш катары саналган Вьетнамдын эң таасирдүү блоггерлеринин бири болгон. Ал адам укуктарын коргогону жана чындыкты колдогону үчүн дайыма куугунтукка кабылган. Фейсбукта ал макалаларды жарыялап, полициянын ырайымсыздыгы жана экологиялык көйгөйлөр, анын ичинде миңдеген балыктарды өлтүргөн индустриялык уулуу заттардын төгүлүшү үчүн чараларды көрүүгө түрткү болгон. Ал ошондой эле үнүн жеткирүү үчүн 1000ден ашуун блогерлерден турган көз карандысыз тармакты негиздеген. 2017 -жылдын июнь айында ал мамлекетке каршы “үгүт иштерин жүргүзгөн” деп айыпталып, 10 жылга эркинен ажыратылган. Ага каршы көрсөтүлгөн жалган далилдерге коомдук наараазылык акциясына катышуу, полиция камагында каза болгондор тууралуу кабарлоо жана мамлекетти сынга алган поэзия жыйнактарына ээ болуу кирген. Ошол кезде апасы айткандай, “кызым анормалдуу коомдо нормалдуу иштерди кылган”. Түрмөдө анын ден соолугу кескин начарлап, ал аянычтуу шартына наараазы болуп ачкачылык жарыялаган. Ага берилген катаал өкүм, анын өлкөсүндө ачык айткан адамдардын үнүн басуу үчүн жасалган аракеттердин бири болгон.



© Private

**ТАРАЗАЛОО: АГА КАНЧАЛЫК АДИЛЕТТҮҮ МАМИЛЕ ЖАСАЛГАН?**

АДИЛЕТТҮҮ 1 2 3 4 5 АДИЛЕТСИЗ

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА

# АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫ

## 2-КЕЙС: АФИНА ДЭМИНИН ОКУЯСЫ

Башкалар сыяктуу эле Афина Дэми Иранда өлүм жазасын алып салууну кыялданчу. Ал Фейсбук жана Твиттерде өлкөдөгү өлүм жазалары жөнүндө маалыматтарды сынга алган постторду жазган. Ал маалымат баракчаларын таратып, жаш аялдын өлүм жазасына каршы тынчтык митингине катышкан. Мындай жөнөкөй аракеттер тилекке каршы, Иранда чоң эрдикти талап кылат. Афинанын бул аракеттери кылмыштуу иштердин “далили” деп каралып, ал жети жылга эркинен ажыратылды. Анын соту жасалма түрдө болгону 15 мүнөткө созулган жана ал “улуттук коопсуздукка каршы кылмыш жасоо жана үгүттөө” сыяктуу жалган айыптар менен соттолгон. Ага карата жазалган жаман мамилелер Ирандын адилеттүү мамлекет болушун колдогон адамдарга каршы катаал репрессиянын дагы бир ачуу мисалы. Учурда ондогон адамдар түрмөдө отурушат жана дагы көптөгөн кишилер катуу көзөмөлгө, суракка жана узакка созулган айыптоолорго дуушар болушат. Афина буга чейин эле көптөгөн катуу азаптарды чегип келген. Аны сабап, бетине калемпир чачып, камерага жалгыз камап кыйнашкан, бирок ал адам укуктары үчүн күрөшүн токтоткон жок. Ал адам укуктары көбүрөөк тобокелге салынышы мүмкүн болгон түрмөгө жөнөтүлгөнүнө нааразылыгын билдирип ачкачылык жарыялаган. Ошондой эле, камалгандан тартып анын ден соолугу да начарлап кеткен.



© Private

**ТАРАЗАЛОО: АГА КАНЧАЛЫК АДИЛЕТТҮҮ МАМИЛЕ ЖАСАЛГАН?**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| АДИЛЕТТҮҮ | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | АДИЛЕТСИЗ |

ТАРКАТМА

# АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫ

## 3-КЕЙС: КАРЛОС РОДРИГЕСТИН ОКУЯСЫ (ОЙДОН ЧЫГАРЫЛГАН)



2006-жылдын 4-январында Карлос Родригес адам өлтүрүү боюнча айыпталган. Эки күндөн кийин аны сотко алып келишкен. Карлоско адвокат тандоого уруксат берилген эмес, бирок сот тарабынан ага адвокат дайындалган. Бул анын адвокатынын киши өлтүрүү боюнча биринчи соттук иши болчу. Ал Карлостун пайдасына кандайдыр бир далилдерди чогултууга аракет кылганы менен, анын ишине жардам бере турган маанилүү маселелерди көтөрө алган эмес. Сотто полиция Карлосту кармаганга чейин чогулткан маалыматтарды колдонуп, ага каршы көптөгөн далилдерди көрсөтө алды. Жыйынтыгында Карлос күнөөлүү деп табылып, өлүм жазасына өкүм чыгарылган.

**ТАРАЗАЛОО: АГА КАНЧАЛЫК АДИЛЕТТҮҮ МАМИЛЕ ЖАСАЛГАН?**

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| АДИЛЕТТҮҮ | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | АДИЛЕТСИЗ |

ТАРКАТМА

# АКЫЙКАТ СОТ ЖАРАЯНЫ

## 4-КЕЙС: НИКИТА ЗАЛАТАРУНУН ОКУЯСЫ

Жакынкы убакытка чейин Никита Залатару кадимки өспүрүм болчу. Ал Майнкрафт ойногонду жана рэп музыкасын укканды жакшы көрчү. Азыркы күндө, эпилепсиясы бар 17 жаштагы өспүрүм, Майнкрафтын тозоктуу бош талаасынан да өткөн катаал дүйнөгө  туш болду.

Никитанын атасы бардыгы 2020-жылдын августунда башталган деп билдирди. Ал күнү Никита Белорустун түштүк-чыгышындагы Гомель шаарынын башкы аянтында досун күтүп турган. Жакын жерде акыркы президенттик шайлоонун жыйынтыгына тынч түрдө наразычылык билдирип жаткан элге капыстан милиция күч менен басып кирген. Никитанын атасынын айтымында, элдер качып, кимдир бирөө Никитага чурка деп айтканда ал да качып жөнөгөн.

Эртеси күнү 11-августа милициялар Никитанын үйүнө келишет. Алар аны кармап кетип, ур-токмокко алышкан жана ага мурдагы түнү эки офицерге Молотов коктейлин ыргытты деген күнөө койушкан. Никитанын камакта электрошок таягы менен сабалганы айтылат. Офицерлер аны жактоочусу, же жашы жете электерге жооптуу бирөөнүн катышуусу жок суракка алып, сотко чейин алты ай темир тор артында кармап турушкан.

Никита массалык башаламандыкка катышты жана мыйзамсыз жардыруучу заттарды колдонду деп соттолгон.  Бирок, видео далилдер анын зомбулукка катышканын көрсөтө алган жок. Медияда демонстрациялар учурунда массалык баш аламандыктар тууралуу кабар болгон эмес. Бирок, буларга карабастан сот Никитаны 5 жылга эркинен ажыратып, балдарды тарбиялоочу колонияда жазасын өтөөгө чечим чыгарган.



© Private

**ТАРАЗАЛОО: АГА КАНЧАЛЫК АДИЛЕТТҮҮ МАМИЛЕ ЖАСАЛГАН?**

**АДИЛЕТТҮҮ 1 2 3 4 5 АДИЛЕТСИЗ**

УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ

AMNESTY INTERNATIONAL

ТАРКАТМА

# КАТТЫН ҮЛГҮСҮ

**НИКИТА ЗАЛАТАРУ - БЕЛАРУС**

Кимге: Беларус Республикасынын Башкы прокуроруна
Дареги: Интернационал көчөсү №22
220030 Минск
Беларус

Урматтуу Башкы прокурор

2020 -жылдын 10 -августунда Никита Залатаров Гомелде көчөдө досун күтүп турганда, ал нааразылык акциясына чыккан көптөгөн демонстранттардын арасында калып калган.Кийинки 24 сааттын ичинде эпилепсия менен жабыркаган 16 жаштагы өспүрүмдү милиция Молотов коктейлин ыргыткан деген айып менен кармап кеткен. Офицерлер аны сабап, электр тогуна уруп, адвокаты жок же жооптуу чоң кишинин катышуусуз суракка алышып, сотко чейин алты айга камап коюшкан. Никита кандайдыр бир зордук -зомбулукка катышкандыгы тууралуу далилдердин жоктугуна карабастан күнөөлүү деп табылып, ал 5 жылга эркинен ажыратылган.

Балдарга карата адилеттүүлүктүн эл аралык стандарттарына жооп берген акыйкаттуу сотко чейин Никитанын бошотулушу үчүн колуңуздан келген бардык аракеттерди көрүүңүздү суранабыз.

Терең урматтоо менен

Никита Залатару(ортодогу)



© TUT.by

# ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ ЖӨНҮНДӨ

Эл аралык Мунапыс Уюму - бул адилетсиздик менен жекече күрөшкөн 10 миллиондон ашуун адамдын глобалдык кыймылы. Биз бардык адамдар өз укуктарын толук кандуу колдоно алган дүйнөнү жактайбыз.

Качан жана кайсы жерде мыйзам бузуулар болсо, биз аларды иликтеп фактыларды ачыкка чыгарабыз. Биз өкмөттөрдү, ошондой эле ишканалар сыяктуу ар кандай таасирдүү топторду колдоп, аларды берген убадаларын аткарып, эл аралык укуктарды сыйлоого ынандырууга аракет көрөбүз. Биз менен иштешип жаткан адамдардын таасирдүү окуяларын айтып берүү менен дүйнө жүзү боюнча миллиондогон колдоочуларды өзгөрүү үчүн күрөшүүгө  жана алдыңкы катардагы активисттерди коргоо үчүн туруп берүүгө мобилизациялайбыз. Биз адамдардын билим алуу жана тренингдер аркылуу өз укуктарын коргоону үйрөнүүсүн колдойбуз.

Биздин ишибиз адамдарды коргоо жана аларга күч-кубат берүү - өлүм жазасын алып салуудан сексуалдык жана репродуктивдик укуктарды алдыга жылдыруу, дискриминацияга каршы күрөшүүдөн качкындар менен мигранттардын укуктарын коргоо алкагындагы иш-аракеттерди камтыйт.  Биз кыйноочуларды жоопко тартууга, репрессивдүү мыйзамдарды өзгөртүүгө жана өз оюн айткандыгы үчүн камалган адамдарды

**ЭЛ АРАЛЫК МУНАПЫС УЮМУ ЭЛ АРАЛЫК КАТЧЫЛЫК**
Питер Бененсон Хаус,
Истон көчөсү, 1
Лондон WC1X ODW,
Бириккен Королдук

Индекс:
POL 32/4577/2021 Kyrgyz
Сентябрь 2021

Электрондук дарек:
contactus@amnesty.org
т: +44-20-74135500
ф: +44-20-79561157

**www.amnesty.org**

Бардык сүрөттөр  башка түрдө белгиленбеген учурда © Эл аралык Мунапыс Уюмуна/Amnesty International таандык.
Мукаба сүрөтү: © Купуя

**УКУКТАР ҮЧҮН ЖАЗ**

AMNESTY INTERNATIONAL